**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин**

**Европа жана Америка интеграциясы бөлүмүнүн**

**Бизнес башкаруу багытынын**

**2025-жылдын 4-мартында өткөрүлгөн МБ-1-23 тайпасынын Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында өндүрүштө иштеген практиктерди айкалыштыруу менен окуу-таанышуу практикасынын жыйынтыктоочу конференциясынын**

**№2 ПРОТОКУЛУ**

**Модератор: Бекташева А. Дж.**

**Катчы: Жусуева Т.С.**

**Катышуучулар:** ЭАББПЖМнин директору, профессор Д.А.Турсунов, Европа жана Америка интеграциясы бөлүмүнүн башчысы, доцент И.М. Сайпидинов, жана “НСК” камсыздандыруу компаниясынын жетекчиси Ходжахунов Султан, камсыздандыруу боюнча адистер Талантбек уулу Ырыскелди, Данияр кызы Адина, ОшМУнун практика жана карьера борборунун башкы адиси А. Маткалыков, ЭАББПЖМнин практика боюнча жооптуусу Кутушева Н., окутуучулар Эргешова А., Ажибекова А.

**Күн тартиби:**

1. Стейкхолдерлер менен окуу пландарын талкулоо;
2. Студенттердин окуу-таанышуу практикасын коргоо;
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:** Бекташева А.- Саламатсыздарбы, урматтуу конференциянын катышуучулары, Анда бүгүнкү конференциябызды ачып берүү үчүн ЭАББПЖМнин директору Д.А. Турсуновго сөз берилет.

**Сүйлөдү:** ЭАББПЖМнин директору, профессор Турсунов Д.А., Саламатсыздарбы? Бүгүнкү өткөрүп жаткан иш чара абдан маанилүү. Себеби, студенттердин практикаларын ошол практика өтөп келген ишканалардын өкүлдөрү менен айкалыштырып коргоосу өзгөчө мааниге ээ. Убакыт бөлүп келип бергениңиздерге терең ыраазычылк билдирем. Конференцияга ийгилик каалайм.

**Угулду:** Бекташева А.- кийинки сөз ЭАББПЖМнин практика боюнча жооптуусу Кутушева Назгул эжекеде.

**Сүйлөдү:** ЭАББПЖМнин практика боюнча жооптуусу Кутушева Н., Саламатсыздарбы урматтуу катышуучулар, бүгүн дагы бир маанилүү иш чара болуп атат. Рынок талап кылган

студенттерди даярдоо биздин милдетибиз болгондуктан, стейкхолдерлердин пикири, ушундай иш чараларга катышуусу чоң мааниге ээ. Ийгилик каалайм.

**Угулду: Бекташева А.Дж:** Анда эмесе, студенттердин практикаларын коргоого кезектерди берели.

Биринчилерден болуп бул группадан 8 студент “Барбол” ЖЧКсынын ар кайсы бөлүмдөрүндө практика өтөштү ошолордон баштайлы. Н. Джумагулов, А. Абийбиллаева, Замирбек кызы А, Жусупжанова Ф., Маматкадыров Д., Чырмашов Д., Кубатов Д. жана Балтабаев З.

Студенттер Ош шаарындагы “Барбол” ЖЧКсынын ар кайсы бөлүмдөрүндө практика өтөшкөн. Ар бири өз ишмердүүлүктөрү жөнүндө баяндап беришти.

Бардык студенттер өздөрүнүн практикасын коргошту.

**Угулду: Бекташева А.Дж:** Азыр кезекти келген коноктоторго берсек, студенттердин айткандарын уктуңуздар, жана сиздерде кандай сунуш-пикирлер бар.

**Сүйлөдү:** Ходжахунов Султан “НСК” камсыздандыруу компаниясынын жетекчиси, Саламатсыздарбы? Мен мындай студенттер менен жолугушууга биринчи жолу катышып жатам. Мага да тажрыйбаларды берди. Эми бизге окуу пландагы предметтер азыркы учурдун талабына жооп берет деп эсептейм. Бирок, ошону менен бирге документ жүргүзүү иштери боюнча да предметтерди киргизсеңиздер жакшы болмок. Документ иштеринде бир аз аксашты. Бизге ушундай мүмкүнчүлүк түзүп бергениңиздерге ыраазычылык.

**Сүйлөдү:** Азирет-Али Маткалыков ОшМУнун Практика жана карьера борборунун адиси, Саламатсыздарбы? Бүгүнкү жолугушуу мыкты деңгээлде өтүп атат. Анткени, студенттер окуу-таанышуу практикасында жүрсө да, өндүрүшкө катышып, өздөрүнө тажрыйбаларды топтой алышыптыр. Бардык студенттердин практикалары абдан жакшы деңгээлде өткөндүгүн байкадым. Келген коноктоорго да ыраазычылык билдиребиз. Баарынарга ийгилик.

**Сүйлөдү:** ЭАББПЖМнин практика боюнча жооптуусу Кутушева Назгул**,** урматтуу бүгүнкү конференция жакшы болду. Студенттер теориялык билимди практикада канчалык деңгээлде айкалышканын айтып беришти. Практика жакшы өткөндүгүн байкалып турат.

**Сүйлөдү:** Европа жана Америка интеграциясы бөлүмүнүн башчысы доцент И.М. Сайпидинов, урматтуу бүгүнкү конференциянын катышуучулары, конференциянын темасы “**Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында өндүрүштө иштеген практиктерди айкалыштыруу менен окуу-таанышуу практикасынын жыйынтыктоо”** өз максатына жетти деп ойлойм. Баарыныздарга ыраазычылык!

**Угулду:** Бекташева А.Дж., Баарыңыздарга ыраазычылык билдирем. Конференцияны жыйынтыктап жатып, күн тартибиндеги маселелерге токтом чыгарып алсак.

**КОНФЕРЕНЦИЯ ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. **Стейкхолдерлердин пикири эске алынып, 2025-2026-окуу жылынын окуу планына айрым өзгөртүүлөр киргизилсин;**
2. **Студенттердин окуу-таанышуу практикаларын коргоо абдан жакшы деңгээлде деп табылсын;**
3. **Окуу планына киргизиле турган өзгөртүүлөргө Бизнес башкаруу программасынын окутуучуларынын баары тартылсын.**

**Модератор:** **Бекташева А.Дж.**

**Катчы:** **Жусуева Т.С.**